УДК 81.0

**Бакирова Г.К.,**
филол. илим. канд., доц.,
Токтогулова С.Т. – магистрант
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ*

## АКЫЛГА, БИЛИМГЕ, САБАТТУУЛУККА БАЙЛАНЫШТУУ АЙТЫЛГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР

**Бакирова Г.К.**
канд., филол. наук, доц.,
Токтогулова С.Т. – магистрант
*ЖАГУ им. Б.Осмонова*

## ФРАЗЕОЛОГИЗМЫ, СВЯЗАННЫЕ С ИНТЕЛЛЕКТОМ, ЗНАНИЯМИ, ГРАМОТНОСТЬЮ

**Bakirova G.K.**
cand. of philol. science, associate professor
Toktogulova S.T. – graduate student
JASU named after B.Osmonov

## PHRASEOLOGY, RELATED TO INTELLECT, KNOWLEDGE, LITERACY

**Аннотация**. Макалада тилдин адамдын эс-акылынын калыптанышындагы, андан ары өсүп жетилишиндеги, маданий жана материалдык байлыктар жөнүндөгү улуттук дөөлөттөрдү укумдан тукумга жеткирүүдөгү ролу жөнүндө сөз болот. Тилдин тарыхын үйрөнүү тилдик бирдиктердин келип чыгышын өздөштүрүүдөн башталары, тилдик каражаттардын калыптанышын билүү менен, адамдын тилге болгон кызыгуусу артып, тил жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейип, тилге жана кепке болгон талаптары канааттандырылары белгиленет. Айтылуучу ойду так-таамай, образдуу, жеткиликтүү билдирүүдө активдүү колдонулган фразеологизмдердин айтылып калуу себептерине иликтөө жүргүзүүнүн тил илиминдеги орчундуулугу жөнүндө маалымат берилет. Ошондуктан мында кыргыз тилиндеги айрым фразеологизмдердин адамдагы акылдуулук, билимдүүлүк жана сабаттуулук сапаттарга байланыштуу айтылып калгандыгы тилдик материалдардын негизинде талдоого алынат.

**Негизги сөздөр:** Тилдин эс-акылдын калыптанышындагы ролу, маданий жана материалдык байлыктар, улуттук дөөлөттөр, тилдин тарыхы, тилдик бирдиктер, тилдик каражаттардын калыптанышы, тилге кызыгуу, тилге жана кепке болгон талаптар, ойду так-таамай, образдуу билдирүү, активдүү колдонулган фразеологизмдер, акылдуулук, билимдүүлүк, сабаттуулук.

**Аннотация.** В статье речь пойдет о роли языка в формировании человеческого сознания, его дальнейшем развитии, передаче из поколения в поколение культурные и материальные ценности национального достояния. Также говорится что изучение истории языка начинается с овладения происхождением языковых единиц, знания формирования языковых средств, повышения интереса человека к языку, расширения его понимания языка, удовлетворения его требований к языку и речи. Подчеркивается значимость в лингвистике исследования причин употребления фразеологизмов, активно употребляемых в ясном, образном и доступном представлении. Поэтому на основе лингвистического материала анализируется тот факт, что отдельные фразеологизмы в кыргызском языке связаны с качествами интеллекта, знаний и грамотности человека.

**Ключевые слова:** Роль языка в формировании памяти, культурных и материальных благ, национальные ценности, история языка, языковые единицы, формирование языковых средств, интерес к языку, требования к языку и речи, ясность мысли, образное выражение, активно употребляемое фразеология, интеллект, знания, грамотность.

**Annotation.** The article talks about the role of language in the formation of human consciousness, its further development, and the transmission of cultural and material values of the national heritage from generation to generation. It is noted that learning the history of the language begins

with mastering the origin of linguistic units, knowing the formation of linguistic means, increasing a person's interest in language, broadening his understanding of language, and satisfying his requirements for language and speech. The significance in linguistics of investigating the reasons for the use of phraseological units that are actively used in clear, figurative, and accessible communication is emphasized. Therefore, the article analyzes the fact that certain phraseological units in the Kyrgyz language are related to the qualities of intelligence, knowledge and literacy in a person based on linguistic materials.

**Key words:** The role of language in the formation of memory, cultural and material wealth, national states, the history of language, linguistic units, the formation of linguistic means, interest in language, requirements for language and speech, clear thought, figurative expression, actively used phraseology, intelligence, knowledge, literacy.

Тил адам баласынын ой-пикирин туюнтуу менен бирге, анын эс-акылынын калыптанышында, андан ары өсүп жетилишинде чоң роль ойнойт. Ошону менен бирге элдин тарыхында эчен кылымдар бою калыптанып, өнүгүп келген маданий жана материалдык байлыктары, түшүнүгү, көз карашы, турмуш-тиричилиги, башка элдер менен болгон байланыш-катнашы сыяктуу улуттук дөөлөттөрүн укумдан тукумга жеткирүүдө да тил негизги курал катары чоң мааниге ээ. Тилдин байлыгы элдин бүткүл тагдыры, тарыхы менен тыгыз байланышта [2:15]. Ал эми тилдин тарыхын үйрөнүү ошол тилдеги сөздөрдүн, сөз тизмектеринин келип чыгышын өздөштүрүүдөн башталат. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн келип чыгуу тарыхына көптөгөн окумуштуулар (К. К. Юдахин, Б. М. Юнусалиев, К. Дыйканов, Х. Карасаев, К. Сейдакматов ж.б.) [1] тарабынан иликтөөлөр жүргүзүлүп, этимологиялык жактан чечмеленип келгендиги белгилүү. Тилдик каражаттардын келип чыгуу тарыхына кайрылуу ошол тилдин өнүгүшүнүн белгилүү бир учурдагы абалын аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Тилдик каражаттардын калыптанышын билүү менен, адамдын ал тилге болгон кызыгуусу артып, тил жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейип, күн санап өсүп жаткан тилге жана кепке болгон талаптары канааттандырылат.

Негизги лексикалык каражаттардын бири катары эсептелген, сүйлөө кебине көркөмдүк татым кошуп, айтылуучу ойду так-таамай, образдуу, жеткиликтүү билдирүүдө активдүү колдонулуп келе жаткан фразеологизмдердин келип чыгышына, алардын айтылып калуу себептерине иликтөө жүргүзүү тил илиминдеги негизги маселелерден болуп эсептелет [7:6]. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин тилдик табияты, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, тематикалык топтору, кепте колдонулуу маселелерине арналган илимий-теориялык изилдөөлөр бир топ тилчилер, окумуштуулар тарабынан (Ж. Шүкүров, Ж. Осмонова, Р. Эгембердиев, А. Назаров, Г. Бакирова ж.б.) [1,5,7] колго алынганы менен, алардын маанилик өзгөчөлүктөрүн таанып билүү фразеологиядагы орчундуу маселелерден болуп калууда. Себеби кээде фразеологизмдердин табиятына туура келбеген тизмектер алардын катарына кошулуп каралган учурлар кездешүүдө.

Фразеологизмдердин маанилик касиети жөнөкөй сөздөргө караганда бир топ татаал көрүнүшкө жатат. Анткени алардын билдирген мааниси тутумундагы бир нече компоненттердин ар түрдүү жолдор менен өз ара айкалышынан келип чыгат. Анын натыйжасында фразеологизмдердин тутумундагы компоненттердин алгач өз алдынча тургандагы лексикалык маанилери жалпы бир фразеологиялык мааниге айланып, анда кандайдыр бир түшүнүк гана берилбестен, анын элеси, образы кошо чагылдырылат [1:47]. Ошондуктан фразеологизмдер айты-луучу ойду элестүү, образдуу түшүнүктөр менен туюндурат. Фразеологизмдердин маанилик өзгөчөлүктөрүн аныктап, тактоо анын жалпы фразеологиялык мааниси менен тутумундагы компоненттердин алгачкы лексикалык маанисинин ортосундагы байланышты аныктоо жолу менен гана ишке ашат. Маселен, сыртынан караганда фразеологизмдин билдирген мааниси тутумундагы компоненттердин тике лексикалык маанилери менен эч бир байланышы жоктой сезилет. Бирок андай байланыштарды аныктап билүү фразеологизмдердин пайда болуу тарыхына иликтөө жүргүзгөндө гана билинет [7:31].

Эгерде фразеологизмдердин мааниси өзүнүн тутумундагы компоненттер менен эч бир байланышы жок, алардын маанисинен келип чыкпаган болсо, анда фразеологизмдердин пайда болуу

булактары такыр жокко чыгарылган болоор эле. Демек, тутумундагы компоненттердин тике лексикалык маанилери фразеологиялык мааниге түздөн-түз дал келбесе да, алар качандыр бир кездерде ошол фразеологизмдин айтылып калышына негиз болгон болуш керек деген жыйынтык чыгарууга болот. Эгер мындай шарт болбосо, тилде өтө кеңири колдонулуп жүргөн, лексиканын өзүнчө бир байлыгын түзгөн фразеологизмдер жөн жерден айтылып калбаган чыгар. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин ар түрдүү жолдор менен пайда болгондугу жана аларды мындай өзгөчөлүктөрүнө карай бир нече топторго бөлүштүрүүгө боло тургандыгы жөнүндөгү пикирлер айрым тилчи-окумуштуулар (Ж. Осмонова, Р. Эгембердиев, Г. Бакирова ж.б.) [1,5,7] тарабынан белгиленген. Ошондуктан бул макалада кыргыз тилиндеги айрым фразеологизмдердин айтылып калуу себептерине кайрылуу менен, алардын арасында адамдагы акылдуулук, билимдүүлүк жана сабаттуулук сапаттарга байланыштуу айтылган фразеологизмдердин да бар экендиги белгиленет. Маселен, *ак-караны ажырата билүү, ак-караны тааныган* деген фразеологизмдер акыл-эстүүлүк менен турмуштагы жаман-жакшыны ажырата билүү маанисин туюндурат. Мындай сапат адамдагы акылдуулуктун белгисине жатары белгилүү. Мисалы: *Жылдызкан* *ак-караны ажыратууга* *умтулат.* (Н.Байтемиров). *Ак-караны ажырата билүү* – бир нерсеге түшүнүү (Сөздүк). *Түшүнүктүү. Ал жакта да* *ак-караны тааныган* *адамдар бар* (К.Баялинов).

Кыргыз тилинин материалдарында адамдагы акылдуулукту, билимдүүлүктү, билермандыкты, даанышмандыкты, көп нерсеге көзү жеткен, аркы-беркини мыкты билген түшүнүктүүлүктү, кыраакылыкты билдирген фразеологизмдер арбын [3,4]. Маселен, адамдардын ортосундагы мамиле, карым-катышка байланыштуу *акылга дыйкан, акылы тунук, баш билги, башы бар, билбегени бит, дээринде бар, жакшы чыкма, жөн билги, сыр билги, көзү жетик, көзү төбөсүндө, тил билги, көкүрөгү тунук, көзү ачык, көй кашка, дүнүйөнүн түбүн билген, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн, кумурсканын улутунганын билген; жыландын кепшегенин билген, өлөрүнөн башканын баарын бил-ген, куйма кулак, эс токтотуу* сыяктуу фразеологизмдер жалаң адамдардагы мыкты сапаттардын өбөлгөсү болгон акыл-эске байланыштуу айтылып келет. Байыркы замандардан бери өз акылмандыгы менен башкалардан айырмаланып турган чыгаан адамдарга карата *көй кашка, каш көй* деген фразеологизмдер айтылып, ал "Манас" эпосунун материалдарында Бакай, Манас баш болгон баатырларга карата колдонулат:

*Кызыл байрак кырк кашка,*
*Кылыгы журттан бир башка,*
*Кыраны Манас* *көй кашка* ("Манас").

Адамдын жашы жогорулаган сайын турмуштан алган байкоо, тажрыйбаларынан акыл-эси толуп, ойлонуп иш кылып, бир нерсеге түшүнө баштагандыгы *акыл токтотуу, эс токтотуу, акыл-эсине кирүү, акыл элегинен өткөрүү, башы иштөө* сыяктуу сөз тизмектери менен туюндурулган. Мисалы: *Керимбү түн жарымына чейин күндүзгү окуяны дагы бир сыйра* *акыл элегинен өткөрдү* (Ж.Мавлянов). Келтирилген мисалдагы *акыл элегинен өткөрүү* деген фразеологизм адамдын акыл-эстүүлүк менен өз ичинен ойлонуп, бир бүтүмгө келген абалын сүрөттөйт.

Мындай тематикалык топтогу фразеологизмдердин ичинен *жөн билги // сыр билги // тил билги* фразеологизмдери белгилүү деңгээлде бири-бирине маанилеш болуп, адамдын билимдүүлүгүн, ар кандай иштин көзүн таба билгендигин, жасаган ишинин белгисин, сапатын, башкаларга кылган мамилесин билдирет. Мисалы: *Кандай жумуш кылсаң да,* *сыр билги* *адам менен кылган ишиңдин жыйынтыгы болот* (Оозеки кептен).

Ал эми *көкүрөгү тунук* фразеологизми «көзү баарына жеткен» деген түшүнүктү туюндуруп, жалпы жонунан акыл-эстүү, көптү билген, ар кандай татаал маселени акыл калчап чече алган адамга карата айтылып, анын адамдык сапатын аныктайт. Мисал: *Жарыктык, Нүзүп абабыз* *көкүрөгү тунук*, *көңүлүндөгүнү шар айткан киши эмес беле, ордонун иши оңолсун деп жүрбөдү беле?!* (Т. Касымбеков). Мында «Сынган кылыч» романынын каарманы Нүзүптүн мүнөзү, аткарган иштери, турмушка болгон ой-максаты, мамилеси, башкалардан айырмаланып, акыл-эси жагынан алдына адам салдырбаган мыкты касиети аталган фразеологизм аркылуу сүрөттөлөт.

Окумуштуу А. Сапарбаев: "Бардык тилдердеги фразеологизмдердин сөз сыяктуу эле өзүнө тиешелүү болгон конкреттүү лексикалык маанилери ар түрдүү болуп, стилистикалык жактан бейтараптык, сти-

листикалык боектуу маанилерге жана конкреттүү грамматикалык категорияга ээ. Ошондой эле анын ушул тилдик категориялары анын семантикалык мазмунун түзөт жана ал семантикалык мазмун фразеологизмдин компоненттеринин семантика-функционалдык структурасына, сүйлөм менен тексттин мазмунуна көз каранды болот," - деп белгилеген [6:46]. Демек, айрым фразеологизмдердин контексттик маанилери аркылуу сүйлөмдүн мазмунуна жараша адамдагы акыл-эстүүлүктүн туюндурулушун көрүүгө болот. Мисалы: *Атам жарыктык, кашың серпиле электе, ичиңди аңтара билген өтө сергек киши* (Т.Касымбеков) деген сүйлөмдөгү *кашың серпиле электе билген* жана *ичиңди аңтара билген* деген фразеологизмдер контекстте адамдын жүзүндөгү өзгөрүүнү, анын ичиндеги оюн каш-кабагына карап билип койгондукту туюндуруу аркылуу акыл-эстүү адамдын байкагычтыгы, түшүнүктүүлүгү сүрөттөлөт.

Адамдын илим-билимге умтулуп, билермандык, окумуштуулук даражага жеткендиги *чилистен болуу* фразеологизми менен сыпатталып айтылат. Мисалы: *Айылга китеп окуганы келдиң беле? Чилистен болсоң да жап кагазыңды* (К.Жусупов). Мында каармандын китептен көзүн албаган окурмандыгы, билимге умтулуусу аталган фразеологизм аркылуу берилет.

Турмушта, адам сапаттарында жакшы менен жаман, ак менен кара дайыма аралаш келгендиктен, адамдагы акыл-эс жагынан жетиле электик, кемчиликтер, мүчүлүштүктөр да фразеологизмдер аркылуу туюндурулган. Маселен, *акылы жетпөө, балалык кылуу, чала сабат, башы ордунда эмес, бир буроосу жетпейт, кем акыл, кирди-чыкты эси бар, оозунда эми жок* сыяктуу тизмектер менен адамдагы түшүнбөстүк, акылсыздык, акылы жетик эместик, билими тайкылык сыяктуу сапаттар мүнөздөлгөн. Алардын арасында айрым фразеологизмдер адамдын акыл-эси, түшүнүгү жагынан жетишпегендигин түздөн-түз эле айтып, жемелөө, келекелөө, кемсинтүү маанисинде колдонулат. Мындай көрүнүштөр *ашкабак баш, башы жок, чолок акыл, эт баш, мээси бөксө, маң баш, кирди-чыкты акылы бар, кем акыл, бир шариги жетпейт* сыяктуу фразеологизмдер аркылуу туюндурулат.

Демек, келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, кыргыз тилиндеги бардык фразеологизмдер тилде айтылып калуу себептерине ээ. Алар тилде жогоруда белгиленгендей, түздөн-түз адамдардын турмуштан алган байкоо, тажрыйбаларынын, көптөгөн турмуштук кырдаалдардын негизинде айтылып калгандыгы, калыптангандыгы байкалат.

**Адабияттар:**


1. Бакирова Г. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантика-функционалдык жана структуралык өзгөчөлүктөрү.-Б., 2018. – 198 б.
2. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан.-Ф.: Мектеп, 1980. – 156 б.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр. I-II китеп.-Ф.: Кыргызстан, 1982, 1987. – 368, 344 б.
4. Осмонова Ж., Конкобаев К., Жапаров Ш. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.-Б.: КТМУ, 2001. - 519 б.
5. Осмонова Ж. Кыргыз тилинин фразеологиясы.-Каракол.: К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, 2007. – 178 б.
6. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы.-Б.: «Кыргызстан - Сорос» фонду, 1997. – 328 б.
7. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографияланышы.-Б., 2009. - 312 б.